КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 36** **Барскоон айылы**

**Тосор айылына саркынды сууларды тазалоочу жай жана канализация куруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 26-апрелиндеги № 131 Жарлыгына ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана И.Исашовдун оозеки кайрылууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Тосор айылына саркынды сууларды чогултуп алып келүүчү түтүктөрүн (канализация) жана саркынды тазалоочу курулманы (очистной сооружение) курууга уруксаат берилсин.

2. Саркынды тазалоочу курулманы орнотуучу жай үчүн жер тилкеси жер маселерер боюнча туруктуу комисиясы, Тосор айыл башчысы, жер адиси менен биргеликте аныкталып, белгиленсин.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин жер маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска